№2 Баткен бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкерлер

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТАРЫН МӨНӨТҮНӨН МУРДА ШАЙЛОО
28-АПРЕЛЬ 2024

№1 Салихов Кенеш Каримович

Туулган жылы: 04.11.1961-ж.
Иштеген жери жана эллеген кызматы:
«Геопарк Мадыген» КФ директору

ЭЛГЕ КЫЗМАТ КЫЛУУ ҮЧҮН, ТАЖРЫЙБА МЕНЕН БИЛИМИМ ЖЕТИШТҮҮ!

КР ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕРДИН ПРОГРАММАСЫ:

Мен, Салихов Кенеш Каримович, Баткен районунун Самаркандек айылынын тургуну, кесибим боюнча орус тили жана адабияты мугалими. Мектепте мугалим, завуч, директор, айыл өкмөт башчысы, райондун акими, КР Өкмөтүнүн ыйгарым укуктуу өкүлүнүн биринчи орун басары, райондор аралык эмгек жана социалдык өнүктүрүү башкармалыгынын башчысы болуп иштеп келгенмин. Депутаттыка талапкерлигимди койгонумдун себебби: мамлекетибизге, элибизге кызмат кылып, элибиздин жашоосун жакшыртууда , олкобуздун өнүгүшүнө салым кошоюн деген максым бар. Өзүмдүн программамда төмөнкү маселелерге көңүл бурам:
1. ЖК депутаты – бул элдин мыйзам чыгаруучу өкүлү. Элдин жашоо шартын жакшыртуу жана өнүгүүгө жол ача турган мыйзамдарды жазуу, кабыл алуу, өзүнүн шайлоочуларынын укугун мыйзамдуу жолдор менен коргоо, элдин койгойлөрүн биллике жеткирүү бул депутаттын милдети. Баткен облусуна өзгөчө статус берилген мыйзамга кошумча жеңилдиктерди киргизүү боюнча мыйзамдарды иштеп чыгуунун үстүндө иш алып барам.
2. Баткен облусунда чегарада жашаган элдерди карман калуу үчүн социалдык жактан колдоо көрсөтүү керек, салыктардан, электроэнергиянын төлөмдөрүнөн жеңилдиктерди, пайыздуу насыяларды бериш керек, ушул боюнча тиешелүү мыйзамдарды кабыл алуу менен бирге алардын аткарылышын көзөмөлгө алам. Бүтүнкү күндө миграция ото күчөгөн, миграцияны азайтуу үчүн жумуш орундары менен камсыздоо зарыл. Пайызы төмөн насыяларды берип, Баткен облусуна келген инвесторлорго салык жана башка жеңилдиктерди бериш керек. Инвесторлор жана донорлор менен тыгыз иш алып барам.
3. Өтө дагы бир чоң маселе Баткен облусунда бул сугат жана таза суунун жетишсиздиги. Козу Баглан, Ак Суу, Кожешкен дарыяларынан инвесторлор, донорлор менен бирге-ликте элибизди үзгүлтүксүз суу менен камсыз кылууга көмөк көрсөтөм. Негизги ушул маселелөрдү чечилишине мен өзүмдүн салымымды кошом деген ойдомун, керектүү мыйзамдарды кабыл алууда, элимдин койгойлөрүн биллике жеткиризүдө, инвесторлорду, донорлорду тартууда бардык күчүмдү жумшайымын. Элиме, жериме чын дилимден кызмат кылууга даярмын.

ДАРЕГИ ЖАНА БАЙЛАНЫШ МААЛЫМАТТАРЫ:
Тел.: 0770 040 008

№2 Мадалиев Асылбек Алтымышович

Туулган жылы: 24.07.1992-ж.
Иштеген жери жана эллеген кызматы:
“Санарип Академиясы” директору

ӨЛКӨНҮ ӨНҮКТҮРҮҮЧҮ, БИЛИМДҮҮ ЖАШТАРГА ДОБУШ БЕРИҢИЗ!

КР ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕРДИН ПРОГРАММАСЫ:

1. Электрондук Өкмөт долбоорун толук ишке ашыруу:
- Жарандар үчүн кызматтардын жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу.
- Процесстерди автоматташтыруу аркылуу коррупцияга каршы күрөшүү.
- Ар кандай кызматтарды алуунун жеңилдигин камсыз кылуу.

2. Ачык Өкмөт долбоорун колдоо:
- Өкмөттүн ишмердүүлүгүнүн ачыктыгын арттыруу.
- Жарандар менен байланышты күчөтүү.

3. Билим берүүнүн сапатын жогорулатуу:
- Мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу программалары.
- Окуу жабдууларын жана материалдарын жаңыртуу.

4. Санарип Мугалим долбоорун ишке ашыруу:
- Санарип технологияларын билим берүү процессине интеграциялоо.
- Окуучуларга IT тармагында кесиптик багыт берүү.

5. Дени Сак Улут долбоору:
- Дени соолукту чыңдоочу программаларды ишке ашыруу.
- Медициналык мекемелердин материалдык-техникалык базасын бекемдөө.

6. Баткен облусуна инвестиция тартуу:
- Инвестициялык климатты жакшыртуу.
- Чет элдик жана жергиликтүү инвесторлор үчүн жеңилдиктерди кароо.

7. Санариптик экономика:
- Санариптик трансформацияны колдоо.
- Жаңы технологияларды колдонуу менен экономиканын өсүшүн камсыз кылуу.

8. Баткендин жаш кадрлары:
- Чет өлкөлөрдөгү окуу программаларына катышуу үчүн стипендияларды каржылоо.
- Жаштардын билим алуусуна жана кесиптик өз болуусуна колдоо көрсөтүү.

9. Ар бир үй-бүлөдөн бирден программист окутуу долбоору:
- IT тармагында билим берүү программаларын кеңейтүү.
- Жаштарды технологиялык кесиптерге тартуу.

10. Агро парксчуу жана бак-багчылыкты өнүктүрүү:
- Айыл чарба тармагында инновацияларды колдонуу.

ДАРЕГИ ЖАНА БАЙЛАНЫШ МААЛЫМАТТАРЫ:
Кадамжай району
Тел.: 0774 140 994

№3 Кожонов Замирбек Ырысбаевич

Туулган жылы: 03.04.1979-ж.
Иштеген жери жана эллеген кызматы:
Исхак-Полотхан айылдык кеңешинин төрагасы (токтотулду)

ЭЛИМДИН ЖЕТИШКЕНДИГИ, ӨЛКӨМДҮН ӨНҮГҮҮСҮ- АР БИРИБИЗДИН ЭМГЕГИБИЗ МЕНЕН АРАКЕТИБИЗДЕ!

КР ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕРДИН ПРОГРАММАСЫ:

ИШ МЕНЕН КАМСЫЗ КЫЛУУ ЖАНА ИШКЕ БИЛИМ БЕРҮҮ, ИЛИМ ЖАНА МАДАНИЯТ ТАРМАГЫН ӨНҮКТҮРҮҮ.
- Билим берүүнүн бардык программаларын жана усулдарын дүйнөнүн заманбап талаптарына алайыкташтыруу, ишкердикти, санаритик коммуникациялык кондулөрдөгө үйрөтүү жана заманбап медианы өнүктүрүү;
-Мугалимдерди татыктуу эмгек акы менен камсыз кылуу жана ашыкча иштөөгө тыюу салуу, мугалимдерди чыгармачылык өз алдынчалыкка кайтаруу жана бюрократиялык түзүмдөрдү жоюу;
- Аймактык жана муниципалдык балдардын искусство мектептерин реконструкциялоо жана (же) капиталдык өндөөлөрдү жүргүзүү;
-Мамлекеттик-жеке өнөктөштүк механизмин колдонуу менен маданий мурас объекттерин калыбына келтирүүнү камсыз кылуу.

САЛАМАТТЫКТЫ САКТОО
-Медициналык мекемелерди оптималдаштыруу менен мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү үюштуруу (бирликтүү терезе) жана отчётчун көлөмүн азайтуу;
-Массалык спортту жана дене тарбияны өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү;
-Билим берүү мекемелерине «мектеп медицинасын» кайтаруу.

ЭКОНОМИКА ЖАНА ИШКЕРДИК
- Ишкердик ишмердикти кагтооону бюрократиясыз жана ашыкча формалдуулуксуз - биллирүү тартибинде камсыз кылуу;
- Ишкердикти колдоонуу жана өнүктүрүүнүн натыйжалуу фондун түзүү;
- Инвестицияларды мамлекеттик коргоону камсыз кылуу;
- Укук коргоо жана башка текшерүүчү органдардын чарбакер субъекттердин жана ЖИ ишине негизсиз кийлигишүүсүнө тыюу салуу.

ҮЙ-БҮЛӨ КООМДУН НЕГИЗИ
- Балалуу үй-бүлөлөрдү колдоонун башка мамлекеттик формаларын сактоо жана өнүктүрүү менен энелик капиталдын концепциясын киргизүү (мисалы, Россияда);
- Аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдү социалдык колдонуун тутумун жана камтуусун кеңейтүү.

ДАРЕГИ ЖАНА БАЙЛАНЫШ МААЛЫМАТТАРЫ:
Кадамжай району, Ирилеш айылы 27,
Тел.: 0770 636 760

№4 Ойтемиров Махмуд Гиесович

Туулган жылы: 20.05.1993-ж.
Иштеген жери жана эллеген кызматы:
“Jazeera Travel» ЖЧК ген.директору

ЖАШ КЕЛСЕ- ИШКЕ, КАРЫ КЕЛСЕ-АШКА!

КР ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕРДИН ПРОГРАММАСЫ:

Күчтүү, тажрыйбалуу жана эрктүү Парламент - бул мамлекеттин өнүгүүсүнө, өкмөттүн элге болгон кызматын жогорку деңгээлге көтөрүүгө өбөлгө түзүүчү өзөк. Ал эми мамлекеттик камкордукта турган элдин бирден бир жогорудагы айтылган формулага таасир берүүчү жолу, татыктуу депутаттарды шайлап алуусу деп эсептейм жана бул менин шайлоо алдындагы программамдын негизги багыттарынын бири. Ошол себептен, мен, чоң жоопкерчиликти сезүү менен жана ишондой зле өз элиме жана мамлекетке кызмат кылуу максатымда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына бир мандаттуу № 2 Баткен шайлоо округунан өз талапкерлигимди көрсөттүм. Ошону менен бирге төмөндөгүчө шайлоо алдындагы программамды сунуштайм:
Экономикалык өнүкөн аймак. Чет өлкөлүк ишкерлер менен сүйлөшүү жана аларды районго тартуу жолдору менен, Баткен облусунун негизги айыл чарба продукцияларын дүйнөлүк брендге чыгаруу үчүн шарттарды түзүү боюнча иш-аракеттерди тынымсыз жүргүзүү пландарыбыз бар. Баткен облусунун чакан жана орто бизнес өкүлдөрү менен тыгыз иш алып барып, аларды колдоо боюнча тиешелүү Мыйзамдар аркылуу жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети менен тыгыз иштешүү аркылуу ыңгайлуу шарттарды түзүү жаатында инвестицияларды тартуу жана Баткен айыл чарба продукциясын кайра иштетүүчү ишканаларды көбөйтүүнү колго алуу зарыл. Натыйжада, кошумча жумуш орундары түзүлөт, сырткы миграцияга кеткендердин саны азаят.
Чек ара маселеси. Баткен облусунун түштүк-батыш жана түндүк-батышынан Тажикстан, түндүгүнөн Өзбекстан, чыгышынан Ош облусу менен кеткеттет. Анын аймагында башка мамлекеттерге тийиштүү бир нече анклаттар бар. Кыргын бери Тажикстан менен болгон чек ара жалпы кыргыз элинин жүрөктү өйүткөн маселеси болуп келген. Акыркы жылдары бул маселе да чечилүү жолунда келе жатат. Чек арана делимитациялоо жана демаркациялоодо элдин үнүн эске алуу менен, дипломатия жана гумандуулуктун негизинде кадамдарга баруубуз зарыл экендигин белгилейм. Тынч жана эркин чек ара бул экономикалык жаатан жергиликтүү элдин жашоо шартына таасир берүүчү фактор деп эсептейм.

ДАРЕГИ ЖАНА БАЙЛАНЫШ МААЛЫМАТТАРЫ:
Тел.: 0774544454

№5 Раимкулов Аширбай Омурзакович

Туулган жылы: 11.04.1967-ж.
Иштеген жери жана эллеген кызматы:
Баткен шаары, №57 кесиптик лицей, ага устат

ЭЛИМДИН КОЛДООСУНА АК ЭМГЕК, АДАЛ КЫЗМАТ КЫЛАМЫН!

КР ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕРДИН ПРОГРАММАСЫ:

1) Мыйзам долбоорлорун демилгелөө;
Аракеттеги мыйзамдарга бүгүнкү күндүн талабына, коомдун өнүгүүсүнө ылайык өзгөртүүлөрдү, толуктоолорду киргизүү жана жаңы мыйзамдардын редакцияларын Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна алып чыгуу.
2) **Экономикалык жактан өнүгүүгө салым кошуу;**
Баткен облусундагы ишкерлерге колдоо көрсөтүү, инвесторлорду тартуу, өнөр-жай тармагын өнүктүрүү, айыл-чарба продукцияларын кайра иштетүү жана дүйнөлүк рынокко чыгуусуна шарттарды түзүү, ишкерлерге жеңилдетилген пайыз же пайызы жок кредиттерди жеткиликтүү берүү, жаңыдан иш баштаган ишкерлерди салыктардын кээ бир түрлөрүнөн 3-жылга чейин бошотуу.
3) Социалдык көйгөйлөрдү чечүү багыты;
Аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө, жумушсуздарга жөлөк пулдарды жеткиликтүү болушуна, кароосуз калган балдарга, карыяларга мамлекет тарабынан кам көрүү жагын күчөтүү жана жөлөк пул, пенсияларды жогорулатуу багытында иш алып баруу. Мугалим, врачтардын, социалдык кызматкерлердин, маданият жана спорт тармагында эмгектенген кызматкерлердин эмгек акысын дагы да жогорулатуу боюнча сунуштарды берүү.
4) Азык-түлүк коопсуздугун камсыздоо боюнча;
Баткен жана Кадамжай районун аймагында жайгашкан кайрак, адыр, дын жерлерге суу чыгаруу багытында маселени көтөрүп, Бүргөндү массивине дагы бир канал салып Полотхан айыл өкмөтүнө чейин жеткирүү жагын сунуштайм. Баткен районунун аймагында Текес-Секирик долбоору аркылуу суу чыгарууну колдойм.
5) Энергетикалык коопсуздукту камсыздоо боюнча;
Баткен облусунун аймагындагы дарыяларыбызга кичи ГЭСтерди ички, тышкы инвесторлорду тартуу жана Республикалык бюджеттен каржылоо жолу менен курууга жетиштүү багытында иш алып барам.

ДАРЕГИ ЖАНА БАЙЛАНЫШ МААЛЫМАТТАРЫ:
Тел.: 0776 288147

№6 Нишанбаев Тургунбай

Туулган жылы: 18.02.1958-ж.
Иштеген жери жана эллеген кызматы:
пенсионер

ШАШПАЙ КАРАП, ТАТЫКТУУСУН ТАНДАҢЫЗ. КӨПТҮ КӨРҮП, КӨП БИЛГЕНДИ ШАЙЛАҢЫЗ!

КР ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕРДИН ПРОГРАММАСЫ:

1. Кыргыз элинин, анын ичинде Баткен районунун калкынын негизги көйгөйлөрүн чечүү. Кабыл алынган мыйзамдардын толук аткарылышы менен жалпы кыргыз элинин анын ичинде мени шайлап жаткан шайлоочуларымдын кандай гана көйгөйлүү маселелери болбосун парламентке көтөрүп чыгып анын аткарылышын көзөмөлдөө.
2. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын мамлекеттик тилде так, түшүнүктүү болушуна, жана аткарылышын көзөмөлдөө.
3. Кыргыз Республикасына жалпы элинин, анын ичинде №2 Баткен шайлоо округунун шайлоочуларынын мыйзамдуу укуктары толук аткарууга жетишүү.
4. Кыргыз элинин анын ичинде Баткен районунун экономикасын көтөрүү үчүн чечкиндүү маселелерди көтөрүп чыгуу.
- Иштелбей турган ишканаларды калыбына келтирүү
- Баткен районундагы негизги экономиканын булагы болгон өрүктү өз учурунда жогорку баада өткөрүү
- Баткен Бишкек авиажол каттамынын баасын түшүрүү
- Какырап жаткан миндеген гектарлаган талааларыбызды тамчылатып сугаруу жолу менен бакка айландыруу.
5. Ички инвестицияны өнүктүрүүнүн программаларын иштеп чыгып, калктын жашоо шартын ондоо.
6. Мамлекеттик мекеме ишканалардын, укук коргоо жана сот органдарынын ишмердүүлүгүн жөнгө салуу боюнча таасирлүү маселелерди көтөрүү.
7. Гендердик жана түндүк-түштүк , улутка, урукка бөлүнүү маселелерин жөнгө салуу.

Шайлоочуларым тарабынан кандай гана орундуу маселе болбосун парламентке көтөрүп чыгып анын чечилишине толук күчүмдү жумшоого, ар бир шайлоочум менен жолугушууга жана байланышууга дайым даярмын.

ДАРЕГИ ЖАНА БАЙЛАНЫШ МААЛЫМАТТАРЫ:
Тел.: 0220 92 93 11

№7 Калпаев Бактыяр Алиевич

Туулган жылы: 09.07.1993-ж.
Иштеген жери жана эллеген кызматы:
“Комфорт Хаус” ЖЧК директору

ӨНҮГҮҮГӨ УБАКЫТ КЕЛДИ!

КР ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕРДИН ПРОГРАММАСЫ:

Саясий максаттары:
1. Авиабилеттин баасын 6000 сомдон 3500 сомго чейин түшүрүү
Авиакаттам менен жүрүүгө элдин талабы чоң, бирок, тилекке каршы каттамдардын саны аз болгондуктан, билеттин баасы кымбат. Биз каттамдардын санын көбөйтүүгө шарт түзүп, билеттердин баасын 3500 сомго чейин түшүрө алабыз.
2. 1-жыл ичинде чек ара маселесин толук бүтүрүү
Кыргызстан менен Тажикстандын чек арасы 970 км. аралыкты түзөт. Азыркы учурда чек аранын 90%ы (пайызы) аныктальп чечилди. 10%ы аныктелбеген чырдуу жер болуп эсептелинет. Мамлекеттин болгон күчүн чек ара көйгөйүнө бурун, 1 жыл ичинде чечкенге толук мүмкүнчүлүк бар. Анткени тынч аймакта гана экономикалык өнүгүү болушу мүмкүн.
3. 5 000 жаңы жумуш орун түзүлөт
Мамлекеттен 1,5 млрд. сомду бөлүрүп, ири жана кичи өнөр жайларды, айыл чарба продукциясын кайра иштет чыгуучу ишканаларды өнүктүрүү менен жаңы 5000 жумуш орун түзөбүз.
4. Баткен – таза энергиянын аймагы
Элдин негизги байлыгы, бул – суу. Баткендин дарыяларында энергетикалык мүмкүнчүлүк чоң, анын ар бириндө чакан ГЭСтерди курса болот. Чакан ГЭСтер Баткенди толук энергетикалык көз карандысыздыкка жеткирет.
5. Билимдүү жаштар – биздин келечек
Мугалимдердин айлык маянасын жогорулатуу жана иш алып барганга ыңгайлуу шарттарды түзүү. Эскилиги жеткен мектеп, бала бакчаларын жаңылоо жана заманбап имараттарды куруу.
6. Дени сак эл – бактылуу эл
Айыл жергесинде сапаттуу медициналык приборлор жана дарыгерлер (врачтар) жетишсиз. Бул маселени чечүү үчүн медицина тармагын толук реформалап, врачтардын айлык маянасын көтөрүп, социалдык жактан камсыздандырууну күчөтүү керек.

ДАРЕГИ ЖАНА БАЙЛАНЫШ МААЛЫМАТТАРЫ:
Баткен шаары, М.Салихов көчөсү №39,
Тел.: 0778 74 67 67

№8 Каработоев Джалил Исакович

Туулган жылы: 28.04.1955-ж.
Иштеген жери жана эллеген кызматы:
пенсионер

ЖАСАГАН КЫЗМАТЫМ ЭЛИМ ҮЧҮН!

КР ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕРДИН ПРОГРАММАСЫ:

1. Аксай, Көк-Таш, Ак-Татыр,Үч-Дөбө, Паскы-Арык, Жаны-Бак, Достук, Кызыл-Бел, Тап-Тумшук, Кара-Бак жана башка айылдардагы чек ара маселесине байланыштуу баардык кийгөйлөрдү комплекстүү чечүү;
2. Жол, суу жана жер маселеси чечүү, жергиликтүү тургундардын туруктуу жашап калуусуна шарт түзүү;
3. Билим берүү, саламаттыкты сактоо тармагынын материалдык-техникалык базасын чыңдоо,кадрлар менен камсыз кылуу, бала-бакча, ооруканаларды куруу;
4. Салктын үй-мүлкү, жер участокторуна болгон мыйзамдуу укуктарын коргоо, мамлекеттик актылар менен камсыздоо;
5. Самаркандек аймагын агын суу менен камсыздоо;
6.Үй курууга мактаж жаштарды жер тилкелери менен камсыз кылуу;
7. Халмион, Бүргөндү өрөөнүндөгү дын жерлерди өздөштүрүү жана суугат суу менен камсыз кылуу;
8. Чек арада жайгашкан мектептерден билим алган окуучуларды жогорку окуу жайларына билим алуудагы квотолар аркылуу бюджеттик орундарга окуусуна мүмкүнчүлүк берүү;
9. Жаштарды жумуш орундары менен камсыз кылуу үчүн Баткен облусунун аймактарындагы тоо-кен байлыктарын жана көмүр кендерин иштетүү максатында чукул чаралары көрүү жана инвестициаларды тартуу;
10. Чек арага жакын жайгашкан айылдардагы жергиликтүү тургундардан ыктыярдуу кошундарды түзүп, өзөгөчө кырдаал учурунда ӨКМ (МЧС) менен бирге-ликте элдерди коопсуз жерлерге жайгаштырууга жардам берүү;
11. Шайлоочулар менен бат-бат жолугушуулар уюштуруп, аларда пайда болгон кийгөйлөрдү чечүүгө көмөк көрсөтүү;
12. Кыргызстан тоолуу аймак болгондуктан туризм тармагын өнүктүрүү чараларын

ДАРЕГИ ЖАНА БАЙЛАНЫШ МААЛЫМАТТАРЫ:
Баткен шаары, Т.Садыков көчөсү 71,
Тел.: 0778 81 27 67

№9 Сатаров Акимали Сатыбалдыевич

Туулган жылы: 01.03.1992-ж.
Иштеген жери жана эллеген кызматы:
жеке ишкер, спорттун чебери

БИЗДИН КЕЛЕЧЕК-СИЗДЕРДИН ТАНДООҢУЗДУН НАТЫЙЖАСЫ!

КР ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕРДИН ПРОГРАММАСЫ:

Менин шайлоо программамдын негизги багыттары:
Жарандык коом мамлекеттик институттардын жана бизнестин ишин көзөмөлдөөгө жана чектөөгө, мыйзам бузууларга, жарандардын жеке жашоосуна кийлигишүүгө жол бербеген жана билликтин тең салмактуулук системасын сакталышын талап кылган коомдук түзүлүш болуш керек.
1. Элдин атынан контроддоо:
- борбордун мэрин жана судьяларды тике шайлоо институтун түзүү, анткени бул демократиянын орношун жана демократиянын конституциялык принциптеринин ишке ашырылышын камсыз кылат, башкаруу системасын өркүндөтүүгө жана соттун адилеттүү болушуна шарт түзөт.
2. Мыйзам жана тартип:
- мыйзамдын үстөмдүгү;
- баздардын укуктарын жана жеке менчикти коргоо;
- педофилия жана ааздарды кордоогондор үчүн жоопкерчиликти күчөтүү;
- укук коргоо органдары боюнча мыйзамдарды реформалап, кайра карап чыгуу керек.
3. Экономика жана бизнес:
- экспортко багытталган орто бизнести өнүктүрүү. Эмне үчүн мындай ишканалар үчүн салыктарды кыскартуу керек;
- азык-түлүккө жана биринчи керектөөчүү товарларга реалдуу баалар болушу керек, алар үчүн мыйзамдык жонго салуу жана мамлекеттик контроль камсыз кылынышы керек.
4. Жаштар жана социалдык саясат:
- Жаштар жалпы адамзаттык баалуулуктардын, кыргыз элинин каада-салттарынын, анын бай маданиятынын негизинде тарбияланышы керек. Миндеген жылдык тарыхты урматтоого ундөө, толук кандуу улуттук өзгөчөлүктү калыптандыруу зарыл;
5. Округун тургундары үчүн:
- Райондорунун ортосундагы чек араларды аныктоо менен жарандардын коммуникацияларга, бейтапканаларга баруурга жана бала-бакчага баруу, мектепке окууга мыйзам чегинде чечүүгө жол ачат;

ДАРЕГИ ЖАНА БАЙЛАНЫШ МААЛЫМАТТАРЫ:
Баткен шаары, Тел: 0220 07 73 76

№10 Шадыманов Бакытбек Адылбекович

Туулган жылы: 11.11.1984-ж.
Иштеген жери жана эллеген кызматы:
жеке ишкер

КЫЗМАТЫМ ЭЛИМ ҮЧҮН!

КР ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕРДИН ПРОГРАММАСЫ:

1. Күчтүү мамлекет түзүү.

а) Кыргыз мамлекетинин өзөгү - тарыхта.
Кыргыз элине таандык тарыхый архивдик документтерди эл аралык деңгээлде чогултуу. Биз Орто Азияда байыркы элбиз (Тарыхый фактылар айтып турат).
б) Кыргызстандын чегара маселесин тарыхка таянып чечүү.
в) Кыргызстанды өнүкөн өлкөлөрдүн катарына кошуу. Экономиканы көтөрүү, элдин ан-сезимин өнүктүрүү.
г) Билим тармагын өнүктүрүү жана аскерлик күчөндүрүү.
д) Өлкө үчүн жана мигранттар үчүн керектүү адистерди даярдоо жана эл үчүн туура багыт көрсөтүү.

2. Түрк биримдиги.

Түрк тилдүү мамлекеттер менен тарыхый, маданий, Экономикалык алаканы кеңейтүү. Бири-бирине жардам көрсөтүү.

3. Тил. Реформа жүргүзүү. Региондор аралык ынтымакты тил менен жакындатуу.
а) Өлкөнүн аймактар аралык диалектикалык сөздөрдү адабий тилге кошуу. (Баткен диалектиси байыркы тил)
б) Англис тилин окуу программада позициясын бекемдөө (Азыркы учурда Европа мамлекеттерине жана Америкага миграция агымы күчөдү. Ошондуктан керектелет)

4. Региондорду өнүктүрүү
а) Кыргызстандын бардык облустарындагы, айрыкча Баткен облусундагы ички жана тышкы миграциясына системдүү түрдө бөгөт коюу.
б) Ири жана чакан ишканаларды ачып, жаштарды иш менен камсыз кылуу. Мамлекеттик завод, фабрикаларды, ишканаларды ачуу (Мегаком, Кыргыз Алтын ж.б)

ДАРЕГИ ЖАНА БАЙЛАНЫШ МААЛЫМАТТАРЫ:
Баткен ш, ул.Салихова/Турмаматова 1
Тел.: 0555 198411

ТАТЫКТУУ ТАЛАПКЕР, ТАЗА ШАЙЛОО, ТАТЫКТУУ ЖАШОО!

TALAPKER.SHAILOO.GOV.KG - сайтында талапкерлер, алардын программалары, шайлоо фонддору жөнүндө кененирээк маалымат

КР БШК https://shailoo.gov.kg/
0(312) 66 02 40 коомдук кабылдама, 1255 кыска номери